**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы**

## ТОКТОМ № 36

2025-жылдын 4-августу — Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-августундагы № 189 сандуу сунуш катын кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Тескемесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынынын 2025-жылдын 25-июлундагы № 01-26/231 сандуу катын аткаруу максатында, “Мамлекеттик лизинг компанясы” ачык акционердик компаниясынын 2025-жылдын 30-июлундагы №1-08-2/210 сандуу катынынын негизинде Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-августундагы № 189 сандуу сунуш катын карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Тескемесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынынын 2025-жылдын 25-июлундагы № 01-26/231 сандуу катын аткаруу максатында, “Мамлекеттик лизинг компанясы” ачык акционердик компаниясынын 2025-жылдын 30-июлундагы №1-08-2/210 сандуу катынынын жана Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-августундагы № 189 сандуу сунуш катынын негизинде “Мамлекеттик лизинг компанясы” ачык акционердик компаниясы аркылуу айыл өкмөтүнө 5 жылга бөлүп төлөө менен жалпы суммасы 1235,0 миң сомдук кызматтык “Лада Нива Легенда” автомашинасын сатып алууга макулдук берилсин.

2.Жогорудагы автомашинаны лизинге сатып алуу үчүн “Мамлекеттик лизинг компанясы” ачык акционердик компаниясы менен лизинг келишимдерин түзүү жана белгиленген тартипте лизинг боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү, айыл өкмөтүнүн бюджетинен тиешелүү жылдарга пландаштыруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика,салык жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** — **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы**

**ТОКТОМ № 37**

2025-жылдын 4-августу Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-августундагы № 188 сандуу сунуш катын кароо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу Ак-Босого айылына бала бакча куруу үчүн берилген 0,17 га жер аянты пландаштырып жаткан 60 орундуу бала бакчанын курулушунун долбоорунун негизинде аз болуп жаткадыгына байланыштуу жанаша турган Ак-Босого айылындагы А.Тукеев атындагы орто мектебине тиешелүү жер аянтынан 0,11 га жер тилкесин бала бакчага тиешелүү жер аянтына кошуп берүү максатында Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-августундагы № 188 сандуу сунуш катын карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-августундагы № 188 сандуу сунуш катынын негизинде, Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу Ак-Босого айылына бала бакча куруу үчүн берилген 0,17 га жер аянты, пландаштырып жаткан 60 орундуу бала бакчанын курулушунун долбоорунун негизинде аз болуп жаткандыгына байланыштуу жанаша турган Ак-Босого айылындагы А.Тукеев атындагы орто мектебине тиешелүү жер аянтынан 0,11 га жер тилкеси багыты өзгөртүлүп бала бакчага тиешелүү жер аянтка кошуп чектеп берүүгө макулдук берилсин.

2. Ак-Босого бала бакчасына тиешелүү 0,17 га жер тилкесине 0,11 га жер тилкесин кошуп, бирдиктүү юридикалык документтерин даярдап, Алай райондук архитектура жана шаар куруу башкармалыгына, Жер ресуртары, Кадастр,Геодезия жана Картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай райондук филиалына сунуштоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге тапшырылсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарбасы, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы**

## ТОКТОМ № 38

2025-жылдын 9-сентябры Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Чий-Талаа айылындагы № 616 контурунда жайгашкан ыңгайсыз (жараксыз) жер участогун муниципалдык менчикке алуу боюнча айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 8-сентябрындагы № 87 сандуу сунуш катын кароо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Чий-Талаа айылындагы № 616 контурунда жайгашкан пайдаланууга ыңгайсыз (жараксыз) жер участогун муниципалдык менчикке алуу боюнча айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 8-сентябрындагы № 87 сандуу сунуш катын жана айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 8-сентябрындагы № 4 протоколунун чечимин карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 8-сентябрындагы № 87 сандуу сунуш катынын жана айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 8-сентябрындагы №4 протоколунун чечиминин негизинде, Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Чий-Талаа айылындагы №616 контурунда жайгашкан пайдаланууга ыңгайсыз (жараксыз) 0,003 га жер участогун муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.

2.Жогорудагы жер участогун мыйзам чегинде муниципалдык менчикке алуу боюнча тиешелүү юридикалык иш кагаздарын бүткөрүү жана муниципалдык жерлердин реестрине киргизүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**